

sh
ش




ОШ ШААРЫ

ГОРОД ОШ

Октябрь 1994

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 438896



ОШ ШААРЫ

ОШ — Борбордук Азиянын эң байыркы шаарларынын бири. Кело доорунда — мындан үч миң жыл мурда Сулайман тоосунда цивилизация болгон. Археологиялык казуулар көптөгөн кызыктуу табылгаларды берди: сүрөттөр менен кооздолгон, ылайдан жасалган идиштер, куюлган формадагы таштан жасалган буюмдар, жана башкалар. Тектирлерге уникалдуу кыштак курулган. Мындай цивилизациянын болушун Озгор жана Төлөйкөн айылдарындагы биздин заманга чейинки VII—VI кылымдардагы мүрзөлөрдү казуулар ырастайт.

Биздин заманга чейинки II миң жылдыктан тартып биздин доордун XV кылымына чейин Ош Улуу жибек жолунун жүктү которуштуруп жөнөтүүчү ири пункту гана болбостон, Батыш мамлекеттерин Чыгыш өлкөлөрү менен байланыштырган трансконтиненталдык кербен-сооода жолунун өтмө дарбазасынын ролун да аткарган.


VIII—X кылымдарда Ош Фергана өрөөнүндө чондугу жагынан үчүнчү шаар жана кол өнөрчүлүктүн жана сооданын ири борбору болгон. Анда шахристан, чеп, рабат, түрмө

ГОРОД ОШ

ОШ — один из древнейших городов Средней Азии. В эпоху бронзы, более трех тысяч лет назад, на Сулайман-горе существовала цивилизация. Археологические раскопки дали много интересных находок: украшенная росписью глиняная посуда, изделия из камней, литейной формы и др. Уникальное поселение строилось на террасах. Наличие подобной цивилизации подтверждают раскопки могильников Озгор и Тёлейкён VII—VI вв. до н.э.

Со II тысячелетия до н.э. по XV в. н.э. Ош был не только крупным перевалочным пунктом Великого шелкового пути, но и выполнял роль проходных ворот этой трансконтинентальной караванно-торговой трассы, связывающие Западные государства со странами Востока.

В VIII—X вв. Ош был уже третьим по величине городом Ферганы и крупным центром ремесла и торговли. Он имел шахристон, цитадель, рабат, тюрьмы и монетный двор. Его окружала оборонительная двойная, а местами тройная стена с башнями и надвратными укреплениями, за ней — глубокий ров.




Сулайман тоосунун XIX кылымдагы көрүнүшү.
Вид на Сулайман-гору XIX века.


жана акча жасоочу жай болгон. Анын айланасын коргонуучу эки катар, айрым жерлеринде үч катар дубал курчап турган, дубалдардын жана каалгалардын үстүндө мунаралар жана чептер болгон, дубалдардын ары жагында терең аңдар казылган. Чептүү шаардын үч дарбазасы болгон, алардын аттары жайгашкандыгына байланыштуу Тоолуу, Дарыя жана Мугкеде — «Отко табынуучулардын храмынын дарбазасы» деп аталган. Шаардын кеңейтилишине байланыштуу төртүнчү дарбаза XIII кылымда курулган, ал эми шаардын ичинде чоң мечиттин имараты болгон.

Город-крепость имел трое ворот, названия которых соответствовало с их месторасположениям: Горные, Речные и Мугкеде — «Ворота храма огнепоклонников». В связи с расширением города четвертые ворота были построены в XIII в,. а внутри города-здания большой соборной мечети.

В X—XII вв. Ош входил в состав государств Саманидов и Караханидов, а со второй половины XV в. во владении Тимурида Омар Шейха, потом его сына З. М. Бабура.. Он не раз бывал в Оше, прекрасно знал город и в своем «Бабурнаме», описывая город сооб-

Асаф ибн Бурхийдин күмбөзү.
Мавзолей Асаф ибн Бурхия.





Сулайман тоосунун дарбазасы.
Ворота Сулайман-горы.

щает, что на вершине Сулайман-горы была построена одним из Среднеазиатских ханов беседка. «Ниже её,—пишет он,—на выступе горы, я тоже построил... худжру с айваном. Хотя его худжра стоит выше моей. Но моя была расположена много лучше: весь город и предместья расстилаются над нею».

Однако, оба памятника с течением времени разрушились. Ныне же, там, на горе, стоит аналогичный, но третий по счету памятник архитектуры неизвестного автора XVI—XVII вв. Люди спешат сюда, чтобы посетить «Белый домик», связывая с ним имя З. М. Бабура.

В XVI—XVII вв. Ош продолжали терзать феодальные междоусобицы. Город не раз подвергался нападению и разграблению со стороны моголов, позднее — калмаков.


Со второй половины XVIII в. по 1876 г. город входил в состав Кокандского ханства. Ош стал военной базой кокандцев, для организации завоевательных походов, сначала его близрасположенных территорий, потом всего края вплоть до границы Китая.

Ош становится крупным центром распространения религии Ислама, а Сулайман-гора— священной и местом поклонения верующих, десятки тысяч которых съезжались сюда со всех концов Средней Азии, что и повлияло на формирование архитектурного облика города, Здесь функционировало более 150 культовых сооружений, в том числе медресе

X—XII кылымдарда Ош Саманийлер жана Караханийлер мамлекеттеринин курамына кирген, ал эми XV кылымдын экинчи жарымынан тартып Амир Темирдин урпагы Өмаршейхтин, андан кийин анын уулу З. М. Бабырдын колуна караган. Бабыр Ошто бир нече жолу болуп, шаарды жакшы билген. Ал өзүнүн «Бабырнамесинде» шаарды сүрөттөп жазуу менен Сулайман тоосунун чокусуна орто азиялык хандардын бири чатырча кургандыгын баяндайт. «Анын төмөн жагына,—деп жазат ал,— асканын урчугуна мен да айбаны менен өжүрө салдым. Анын өжүрөсү менин өжүрөмдөн бийикте турса да, менин өжүрөм ыңгайлуу жерге салынды. Анткени, анын үстүндө бүткүл шаар жана шаарга жакын жерлер созулуп жатат».

Бирок, эки эстелик тең убакыттын өтүшү менен бузулуп жок болгон. Бүгүнкү күндө тоонун башында XVI—XVII кылымда жашаган белгисиз автордун ушуга окшош архитектуралык эстелиги турат. Бул эсеби боюнча үчүнчү болуп саналат. Адамдар бул жакка «Ак үйчөнү» көрүүгө шашылышат, аны З. М. Бабырдын ысмы менен байланыштырышат.

XVI—XVII кылымдарда Ошто феодалдык өз ара согуш болуп турган. Шаар моголдор, кийинчерээк калмактар тарабынан кол салууга жана таланууга дуушар болгон. Ал эми XVIII кылымдын экинчи жарымынан тартып 1876-жылга чейин шаар Кокон хандыгынын курамына кирген. Ош кокондуктар үчүн аскердик база болгон, алар мындан басып алуучулук жортуулдарды уюштурушуп, оболу жакын аралыктагы аймактарды, андан кийин Кытай чек арасына чейинки бүткүл аймакты каратып алышкан.



Сулайман тоосундагы Бабурдун өжүрөсү.
Домик Бабура на Сулайман-горе.

Ош ислам динин таркатуунун ири борбору болуп калат, ал эми Сулайман тоосу динге ишенүүчүлөрдүн ыйык жана табынуучу жери не аиланат, Орто Азиянын бардык жерлеринен миңдеген-миңдеген кишилер сыйынганы келишет. Мунун өзү шаардын архитектуралык келбетинин калыптанышына таасирин тиигизет. Мында 150дөн ашык сыйынуучу жайлар, анын ичинде Алымбек Парваначынын медресеси жана көптөгөн кербен сарайлар иштеген. Бизге чейин Абдуллахандын мечит-жами Рабатынын имараты гана жетти.

Зыяратчыларды тейлөө үчүн тоонун түндүк жак этегинде Шейхтер—Гузар деген жаңы квартал пайда болгон, ал XX кылымдын башына чейин кеңейтилип, анын түштүк-чыгыш бөлүгүн ээлеген.

1876-жылдан тартып, б.а. Кокон хандыгы кыйрагандан кийин Ош аты уйкаш уезддин административдик борбору катары жаңыдан уюштурулган Фергана облусунун курамына кирген. Падышалык Россиянын бийлиги орнотулушу менен ар кандай кан төгүүчү согуштар токтотулуп, тынчтык жашоо башталган. Шаардын жашоочулары тынч эмгектенүүгө өткөн. Курулуш иштери, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк жана соода жанданган.

Алымбека Парваначы и множество караван-сараев. Сохранилась до нашего времени лишь здание мечети-джами Рават Абдулла-хана.

Для обслуживания поломников у северного подножья горы образовался новый квартал Шаихлар-Гузар, который продолжал расширяться до начала XX в. и занял её юго-восточную часть.

С 1876 г., т.е. после ликвидации Кокандского ханства, Ош, как административный центр одноименного уезда, входил в состав вновь организованной Ферганской области. С установлением власти царской России прекратились всякие кровопролитные воины, в т.ч. междоусобные. Жители города стали заниматься мирным созидательным трудом. Оживились строительство,земледелие, ремесло и торговля.

Территория города в основном состояла из кварталов Хаджаган, Чар-Кёчё, Пайчи-Диван-беги, Исийде, Сарай-Кёчё, Кыргыз Алыбай, Исиндалик, Шайхлар-Гузар, Токмок-Караягач и др.

Этимология культовых сооружений чаще всего связана с именами жертвователей, на средства которых были построены те или иные сооружения: мечети Мухаммада Юсупа Байходжа-оглы, Сыдыкбая и Ша-Бахрейнходжи, корихана Мулла Мухаммада Ибрагимаходжи и др., из которых до нас дошел только здание первой мечети.

Шаардын аймагы негизинен Кажаган, Чар-Көчө, Пайчы-Диванбеги, Исийде, Сарай-Көчө, Кыргыз Алыбай, Исиндалик, Шейхтер—Гузар, Токмок-Каражыгач жана башка кварталдар-дан турган.

Динге сыйынуучу жайлардын этимологиясы көбүнчө кайыр кылып берүүчүлөрдүн ысым-дары менен байланышкан. Себеби, бул же ти-гил жайлар ошолордун каражаттарына ку-рулган. Мисалы, Мухаммад Жусуп Байкожо уулунун, Сыдыкбайдын жана Ша-Бахрейн-ко-жонун мечиттери, Молдо Мухаммад Ибрагим-кожонун жана башкалардын күмбөздөрү. Булардын ичинен бизге чейин биринчи мечит-тин имараты гана жетти.

XIX кылымдын аягынан тартып Ак-Бууранын сол жээгине жаңы шаар түшө баштаган. На-тыйжада курулуштар пландуу түрдө жүргүзү-лүп, почтанын жана телеграфтын, аскер оору-канасынын жана ооруканандын, башталгыч окуу жайынын жана орус-жергиликтүү мекте-бинин, чиркөөнүн жана мейманкананын, офи-цердик чогулуштун жана кинотеатрдын капи-талдык имараттары, ошондой эле жеке мен-чик үйлөр пайда болгон. Ак-Бууранын эки жээ-гине тең чоң парк зонасы, ал эми дарыя ар-кылуу бетон көпүрө курулган.

Шаардын аянты 17 чарчыга жакын чакы-рымга жетип, 6166 түтүн болуп, 50 миң адам, анын ичинде 1,5 миң орус жашаган. Өзүнүн пландаштырылуусу боюнча Оштун жаңы шаар бөлүгү эски шаар бөлүгүнөн ачык-айрым айыр-маланган.

С конца XIX в. на левом берегу реки Ак-Буры стал создаваться новый город. В ре-зультате планомерной застройки возникли капитальные здания почты и телеграфа, ла-зарета и больницы, приходского училища и русско-туземной школы, церкви и гостини-цы, офицерского собрания и кинотеатра, а также домов индивидуальных застройщиков. По обеим берегам реки Ак-Буры закладыва-лась большая парковая зона, через речку был построен бетонный мост.

Площадь города достигла около 17 кв. км., было 6166 дворов с населением 50 тыс. чело-век, в т.ч. 1,5 тыс. русских. По своей плани-ровке новогородская часть Оша выгодно от-личалась от старогородской.

Жители города занимались в основном по-ливным земледелием. Плантации зерновых и хлопчатника находились вокруг Оша и носи-ли товарный характер. Огородничество и бах-чеводство использовалось для удовлетворе-ния собственных потребностей жителей, а животноводство играло подсобную роль.

Традиционное хозяйственное занятие, при-мечательная особенность,его территория нашли отражение в городском гербе, утвержден-ной Российским царем 22 октября 1908 г.: «священная» Сулейман-гора с полумесяцем над ним, воловьи головы и виноградные ло-зы, соединенные лентой.

Ош постепенно превращался в крупный центр не только ремесленного, но и про-мышленного производства. В начале XX в.

Шаардын жашоочулары негизинен сугат дыйканчылыкты жүргүзүшкөн. Дан жана пахта плантациялары Оштун айланасында болгон жана товардык мүнөздү түзгөн. Там арка жа-на коон-дарбыз эгүү шаардын тургундарынын өздүк керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн пайдаланылган, ал эми мал чарбасы көмөкчү роль ойногон.

Салттык чарба жүргүзүү, анын аймагынын эң мыкты өзгөчөлүгү 1908 жылы 22 октябрда Россиянын падышасы тарабынан бекитилген шаардын гербинде чагылдырылган: «ыйык» Сулайман тоосу, анын үстүндө айдын жарымы, букалардын баштары жана жүзүм шиңгилде-ри, булар тасма менен бириктирилген.

Ош акырындап кол өнөрчүлүк гана эмес, өнер жай өндүрүшүнүн ири борборуна айла-нат. XX кылымдын башында мында минден ашуун кустардык жана кол өнөрчүлүк жайла-ры иштеген, анын ичинде 12 сырдоочу устака-на, 144 өтүккана, 87 тегирмен, 369 ак жубаз, 535 май чыгаруучу күп, жана башкалар болгон. Мындан тышкары жаңыдан курулган 16 за-вод анын ичинде 3 чоюн куюучу, 2 пиво, кир-пич жана пахта-тазалоочу, ичеги тазалоочу, тери бышыруучу заводдор иштеген.

Дайыма иштөөчү, үстү жабык Ош базары бүткүл Орто Азияда даңкталган. Анын база-рында салттык соода катарлары иштеген. Чы-гыштагы башка ири базарлар сыяктуу эле ал жыгач-каркас жайлардан турган, узундугу 800 метр болуп, көчөнү жаап турган, бирок эки тарабынан ачык болгон. Андагы дүкөнчөлөр

здесь действовало более тысячи кустарных и ремесленных заведений, в т.ч. 12 красиль-ных мастерских, 144 сапожных, 87 мельниц, 369 рисорушек, 535 маслобоек и некоторых других. Функционировало 16 вновь построен-ных заводов, в т. ч. 3 чугунолитейных, 2 пи-вовареннных, кирпичных и хлопкоочиститель-ных, кишечноочистной, кожевенный и др.

Ошский постоянно-действующий базар—тим—крытый рынок с традиционными тор-говыми рядами славился во всей Средней Азии. Как и другие крупные Восточные рын-ки, он представлял собой деревянно-каркас-ное сооружение, длиною в 800 м., перекры-вавшей улицу, но открыт с двух сторон. Лавки в нем располагались в определенной после-довательности. Начинались они с галереи ла-вок парфюмеров и лекарей, заканчивались с лавками мастерскими кузнецов и ювелиров.

Вокруг тима на открытой площадке сосре-дотачивалась почти вся городская торговля в базарные дни. На территории базара дей-ствовало 1300 лавок стационарной торговли, принадлежащим 45 не только Ошским, но и Ташкентским, Российским, Кашгарским и др. купцам. Рынок поражал приезжих обилием местных и привозных товаров и продукций, в т. ч. из центральной России, и многих горо-дов Туркестана, Кавказа, Китая и др. На ба-зарной площади стояли мечеть и медресе. Таков был торговый центр старого Оша.

Февральская, а затем последовавшая за ней Октябрьская революция привели к глубо-

белгилүү ыраатуулукта жайгашкан. Алар парфюмерлердин жана дарыгерлердин дүкөнчөлөрүнүн галереясынан башталып, темир устаналар менен зергерлердин устакана-дүкөндөрү менен аяктаган.

Базар күндөрү тимдин жанындагы ачык аянтка дээрлик бардык шаардык соода топтоштурулган. Базардын аймагында стационардык сооданын 1300 дүкөнчөсү иштеген, алар оштук гана эмес, ташкенттик, россиялык, кашгардык жана башка 45 соодагерге тийиштүү болгон. Базарда жергиликтүү жана ташылып келинген товарлар менен азык-түлүктөрдүн молдугу келгиндерди таң калтырган. Товарлар Борбордук Россиядан, Түркстандын, Кавказдын, Кытайдын көптөгөн шаарларынан алынып келинген. Байыркы Оштун соода борбору ушундай болгон.

Февраль, андан кийин Октябрь төңкөрүшү шаардын тургундарынын социалдык-экономикалык абалында терең өзгөрүүлөрдү пайда кылды. Жаңы бийлик негизинен эл чарбасын жана экономиканы башкарууну катуу борбордоштурууга алып келет. Мындагы максат социалисттик түзүлүштүн жаралышы жана иштеши үчүн негиз катары коомдук социалдык-экономикалык түрдү тез түзүү болгон. 1918-жылы майда Ошто элдик банк ачылып, ал Ош уездинин бүткүл аймагындагы финансыны башкарууну бириктирген.Ошол эле учурда майда жана орточо ишканалардан турган шаардын өнөр жайын улутташтыруу процесси башталат.

ким изменениям в социально-экономическом положении жителей города. Преобразования новой власти сводились главным образом к жесткой централизации управлений народным хозяйством и экономикой в целях ускоренного создания общественного социального экономического уклада как основа для зарождения и функционирования социалистического строя. Уже в мае 1918 г. был открыт в Оше народный банк, объединивший управление финансами на всей территории Ошского уезда. Одновременно начался процесс национализации промышленности города, состоявший из мелких и средних предприятий.

Решать все вопросы преобразований новой власти приходилось в обстановке острой классовой борьбы, разрухи и голода, резко обострившийся в ходе начавшейся гражданской войны. Исключительную остроту приобрел продовольственный вопрос. Его решение, наряду с преобразованиями в области промышленности, стало одним из важнейших направлений экономической политики. Голод, дороговизна, нищета обрушились прежде всего на трудящиеся массы.

В апреле 1920 года в Оше начали выпуск продукции кирпичный, известковый, кожевенный заводы, прядильная и ткацкая мастерские. В этом же году были созданы артели сапожников, прядильщиков и др. Но после окончания Гражданской войны выход из кризиса в экономике оказался возможен на путях перехода к НЭПу.

Жаңы бийликти түзүүнүн бардык маселелерин чечүү курч таптык күрөштүн, кыйроонун жана анархылыктын кырдаалында жүргүзүлгөн. Анткени, граждандык согуш башталып, абал кескин курчуп кеткен. Ал эми азык-түлүк маселеси өтө курч турган. Өнөр жай тармагындагы кайра жаралуу менен бир катарда аны чечүү экономика саясатынын эң маанилүү багыттарынын бири болгон. Анархылык, кымбатчылык, жакырдык баарыдан мурда эмгекчилер массасына туш келген.

1920-жылы апрелде Ошто кирпич, акиташ, булгаары заводдору, ийрүү жана токуу устаканалары продукцияларды чыгара башташат. Ушул эле жылы өтүкчүлөрдүн, ийрүүчүлөрдүн жана башкалардын артелдери түзүлөт. Бирок, граждандык согуш бүткөндөн кийин экономикалык кризистен чыгууга НЭПке өтүүнүн жолдорунда мүмкүнчүлүк ачылды. Ишкердүүлүктүн жана менчиктин ар түрдүү формаларынын базасында төңкөрүшкө чейинки кустардык устаканалар жана өнөр жайлар өнөр жай кооперациясынын өнөр жай ишканаларына жана артелдерине айланган, алар базарды күндөлүк таламдагы товарлар менен жабдууда чоң роль ойношкон.

1927-жылы Ошто пилла заводу иштей баштаган, ал биздин республикабызды жана анча-мынча коңшулаш республикаларды пилла курту менен камсыз кылууга эсептелген. Андан көп өтпөй Ош нан заводу пайдаланууга берилет. 1928-жылы пилла түрүү фабрикасы курулат. 1929-жылы Оштон Кара-Сууга чейин темир жол курулат. Ал эми курулган Ош—

На базе предпринимательства и различных форм собственности дореволюционные, кустарные мастерские и промыслы стали преобразовываться в промышленные предприятия и артели промысловой кооперации, которые играли немалую роль в снабжении рынка товарами повседневного спроса.


Уже в 1927 году в Оше начал работать гренажный завод, рассчитанный на обеспечение нашей республики и частично соседние республики греной, вскоре вступил в строй Ошский хлебзавод. В 1928 г. была сооружена кокономотальная фабрика.

В 1929 г. была построена железная дорога от Кара-Суу до Оша. Построенная автогужевая дорога Ош— Хорог и организованный в 30-х годах, Памирский автотранспортный трест навсегда связали автомобильным сообщением Ош с Памиром и Алаем.

К 40-м годам в Оше уже работали 8-средних и 5-семилетних школ, сельхозтехникум, школа медсестер, учительский институт.

На базе драмкружка агиткультбригады был образован Узбекский музыкально-драматический театр.

В годы Великой Отечественой войны в городе Оше были введены в эксплуатацию ликеро-водочный завод, ГЭС, значительно расширен гренажный завод. В 1942 году на базе Ошской кокономотальной фабрики и эвакуированной из-под Москвы Рахмановской крутильно-ткацкой фабрики начал функционировать Ошский шелкокомбинат. В 1945 году сдан в эксплуатацию Ошский мясокомбинат.



Жаңы курулуш.
Новая стройка.


Хорог автожолу жана 30-жылдарда уюштурулган Памир автотранспорт тресті Оштү Памир жана Алай менен автомобиль аркылуу түбөлүккө байланыштырды.

Ал эми 40-жылдарга карата Ошто 8 орто жана 5 жети жылдык мектеп, айыл чарба техникуму, медициналык мээрбан эжелердин мектеби, мугалимдер институту иштеген. Үгүт-маданий бригаданын драма ийриминин базасында Өзбек музыкалык-драма театры түзүлгөн.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында Ош шаарында ликер-арак заводу, ГЭС пайдалануга берилип, пилла заводу бир кыйла кеңейтилген. 1942-жылы Оштогу пилла түрүү фабрикасынын базасында жана Москванын алдынан эвакуацияланган Рахмановдун чыйратуу-токуу фабрикасынын базасында Ошто жибек комбинаты иштей баштаган. Ал эми 1945-жылы Ош эт комбинаты пайдаланууга берилген.

Согуштан кийинки жылдарда — Кыргызстандын түштүгүндө өнөр жайын ыкчам өнүк түрүү жүргүзүлгөн. Авторемонт, электр механикалык, куюу-механикалык заводдору, бут кийим тигүүү фабрикасы, ГЭС жана башка өнөр жай ишканалары курулган жана пайдаланууга тапшырылган.

60—90-жылдарда Ош ири экономикалык борборго айланат. Анын натыйжасында шаардын өнөр жай продукциясы КМШнын бардык өлкөлөрүнө жана 15 чет мамлекетке бериле баштайт. 1959-жылы куюу-механикалык жана



12 кабат турак үй.
12-этажный жилой дом.

мотор ремонттоо заводу бириктирилип, Ош насос заводу түзүлөт, 1962-жылы асфальт-бетон заводу, 1963-жылы ири панелдүү үй куруу комбинаты, 1963, 1968-жылдары эки темир-бетон буюмдар заводу, 1966-жылы жылуулук электр борбору жана 1979-жылы эки кирпич, керамзит, акиташ, майда таш—сорттоочу заводдордун базасында курулуш материалдар комбинаты курулат. Ал эми Оштогу эт-консерва, жемиш-жашылча, жемиш-шарап комбинаттары, ошондой эле арак жана нан заводдору тамак-аш өнөр жайынын негизин түзүшөт.

Ош мебель фабрикасы, «Мурас» элдик-көркөм кол өнөрчүлүк бирикмеси шаардын жыгач иштетүү өнөр жайын, ал эми «Алмалык» разрези көмүр өнөр жайын түзөт. «Алмалыкта» көмүр ачык жол менен казылып алынат.

Бүгүнкү күндө Ошто 2500 ишкана, мекеме жана кооперативдер бар, анын ичинде акыркы жылдарда чакан бизнестин 1835 менчик ишканасы ачылды. Акыркылардын ичинен 350 ишкана коммерциялык-ортомчулук ишин жүргүзөт, 89 ишкана товар чыгарат, 51 ишкана шаардын тургундарына ар түрдүү кызмат көрсөтөт. Шаардагы ири ишканалардын бири «Оштогу машина куруу заводу» акционердик коому (1992) болуп саналат. Анын негизги продукциясы — тереңдикте иштетилүүчү электр насостору. Аларды чыгаруу 1990-жылы 48525 даананы түзгөн. Бул насостор 16 жылдан бери Египетке, Сирияга, Иранга, Иракка, Болгарияга, Чехословакияга, Польшага, Кубага, ал эми 1994-жылдан тартып Өзбекстанга, Казакстанга жөнөтүлөт. Бул продукцияны чыгаруу боюнча завод КМШнын өнөр жай ишканаларынын арасында алдыңкы орунду ээлейт.

Послевоенные годы — период промышленного развития Юга Кыргызстана. Были построены и введены в эксплуатацию авторемонтный, электромеханический, литейно-механический заводы, швейно-обувная фабрика, ГЭС и другие промышленные предприятия.

60—90-е годы Ош становится крупным экономическим центром, благодаря чему промышленная продукция города стала поставляться во все страны СНГ и 15 зарубежным государствам. В 1959 г. был образован Ошский насосный завод путем объединения литейномеханического и моторемонтного заводов, построены асфальтобетонный завод (1962), крупнопанельный домостроительный комбинат (1963), два завода железобетонных изделий (1963, 1968), теплоэлектроцентраль (1966) мощностью 50 квт. и комбинат стройматериалов (1979) на базе 2 кирпичных, керамзитового, известкового, гравийно-сортировочного заводов и др. Ошский мясоконсервный, плодоовощной и плодовинкомбинаты, также водочный и хлебзаводы составляют основу пищевой промышленности.



Ленин көчөсү. Улица Ленина.



Текстиль комбинатына кире бериштеги көрүнүш.
Вид при входе на текстильный комбинат.

Бүгүнкү күндө 1975-жылы пайдаланууга тапшырылган Оштогу өндүрүштүк пахтадан кездеме токуу комбинаты Кыргызстандын түштүгүндөгү эң ири ишкана болуп саналат. Мында 1991-жылы кездемелерди чыгаруу 27 артикуль боюнча 115 миллион погон метрге жеткен, кездемелерге алты жүздөн ашуун сүрөттөр тартылган. Анда 12 миң киши иштейт. Азыр текстилчилерге жүздөн ашуун үйлөр жана жалпы жатаканалар, ондогон балдар бакчалары, тамак-аш, соода жана тиричилик жактан тейлөө пункттары, ооруканалар жана поликлиникалар,, жалпы билим берүүчү мектептер жана кесиптик-техникалык окуу

Ошская мебельная фабрика, объединение народно-художественных промыслов, «Мурас» представляют деревообрабатывающую промышленность города, а угольную промышленность — разрез «Алмалык», где продукция добывается открытым способом.


Ныне в Оше насчитывается 2500 предприятий, учреждений и кооперативов, в т.ч. за последние годы открыты 1835 частных предприятий малого бизнеса. Из числа последних 350 занимаются коммерческо-посреднической деятельностью, 89 из них выпускают товары, народного потребления, 51-оказывают различные услуги жителям города и др.

Одним из крупных предприятий города является акционерное общество, Ошский машиностроительный завод (1992). Его основная продукция-глубинные электронасосы, выпуск которых в 1990 г. составлял 48525 шт. Уже 16 лет экспортируются они в Египет, Сирию, Иран, Ирак, Болгарию, Чехословакию, Польшу, Кубу, а с 1994 г.— Узбекистан, Казахстан. По выпуску этой продукции завод занимает ведущее место среди промышленных предприятий СНГ.

жайлары, жайкы жана кышкы кинотеатрлар, маданият үйү жана спорт аянты жана башкалар караштуу. Алардын шаарчасы ушундай.


Дээрлик бардык көмөкчү материалдарды Россиядан, анын ичинде Москвадагы 6 ишканадан алат. 90-жылдарда даяр продукция КМШнын 8 өлкөсүнүн аймактарында жайгашкан 125 ишканасына, анын ичинде РСФСРдын 38 фабрикасына, Өзбекстандын — 34, Казакстандын —19 фабрикасына, ошондой эле (ал эми 90-жылдардын акырында) Пакистанга жөнөтүлүп турулган.

«Ак жибек» акционердик коому кеңири белгилүүлүккө ээ. Ал жибек, чыйратылган буюмдарды, кам кездемелерди, чыныгы жана жасалма жибектен кездемелерди өндүрөт. 90-жылдардын башында продукция чыгаруу 11 миллиондон ашык погон метрге жеткен, ал КМШ өлкөлөрүнүн арасында жана чет өлкөлөрдө зор таламга ээ. 1990—1994-жылдардын ичинде дүйнөлүк соодага чыгууга карата даярдык көрүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлгөн. Кытайдагы Урумчу шаарында өткөрүлгөн эл аралык жарманкеге катышып, Италиянын, Түркиянын, Голландиянын, Болгариянын, Индиянын, Жапаниянын жана АКШнын бизнесинин өкүлдөрүнө жибек кездемелеринин үлгүлөрүн берген. Казакстандагы «Макпал» аттуу республикалык мода борбору менен чыгармачылык байланыш боюнча тигилген буюмдар жыл сайын Францияда көрсөтүлөт жана сатылат.



Машина куруу заводунун терендикте иштетилүүчү насостору.
Глубинные насосы машиностроительного завода.

Ныне Ошское производственное хлопчатобумажное обьединение, введенное в эксплуатацию в 1974 г. самое крупное предприятие на Юге Республики, где в 1991 г. выпуск тканей достиг до 115 млн погонных метров по 27 артикулям с более 600 рисунков. Работают 12 тыс. человек, в распоряжение которых около 100 жилых домов и общежитий, десятки детских садов, пунктов питания, торговли и бытового обслуживания, больницы и поликлиники, общеобразовательные школы и ПТУ,



Сулайман тоосунун бүгүнкү көрүнүшү.
Современный вид на Сулайман-гору.

Жүктөрдү ташуунун облустук борбору менен байланышкан бир аз бөлүгү темир жол, ал эми 90 пайызы Ош—Бишкек, Ош—Хорог автотранспорт аркылуу жүзөгө ашырылат. Эл аралык автобус менен республиканын түштүгүнүн бардык шаарлары жана райондору гана эмес, Өзбекстандын жана Тажикстандын чектешкен шаарлары, райондук жана облустук борборлору байланышат. Жаңыдан курулган автовокзал 1994-жылы августта пайдаланууга тапшырылды, ал эми эскиси шаардын чет жакаларын тейлейт. Шаардын чет жакаларына каттоочу 23 жана шаардын ичинде каттоочу 21 маршрут иштейт, ал эми 1976-жылдан бери текстилчилердин шаарчасы — «Түштүк-Чыгыш» чакан району троллейбус линиясы иштейт.

Токтогул Сатылганов
атындагы
Ош облустук китепкана
ИНВ № 438896.

летние и зимние кинотеатры, Дом культуры и спортивная площадка и др. Таков городок текстильщиков.

Почти все вспомогательные материалы получают из России, в т. ч. из 6 московских предприятий. В 90-е годы готовая продукция отправлялась 125 предприятиям, расположенных на территории 8 стран СНГ, в т. ч. в 38-ми фабрик РСФСР, 38-х Узбекистана, 19—Казахстана и др., (а с конца 90-х годов) — в Пакистан.


Широкую известность имеет акционерное общество «Ак-Жибек», производящее шелксырец, крученные изделия, суровые ткани, ткани из натурального и искусственного шелка. Выпуск продукции в нач. 90-х г. достиг более 11 млн. погонных метров, которая пользуется большим спросом во всех странах СНГ и за рубежом. За период с 1990—1994 гг. были проведены мероприятия по подготовке к выходу на мировой рынок. Принимало участие в международной ярмарке в г. Урумчи (Китай), передавало образцы шелковых тканей представителям бизнеса Италии, Турции, Голландии, Болгарии, Индия, Японии и США. Изделия, пошитые в творческом содружестве с Республиканским Центром Моды «Макпал» (Казахстан), ежегодно демонстрируются и реализуются во Франции.

Незначительная часть перевозки грузов, связанная с областным центром, осуществляется железной дорогой, а 90% — автомобиль-

Аба транспорту КМШ өлкөлөрүнүн 20дан ашык шаарлары менен байланыштырат, ал эми жергиликтүү аба линиялары Ош жана Жалал-Абад облустарынын алыскы райондук борборлору жана айрым шаарлары менен байланышат. Түркиянын, Ириккен Арап Эмираттынын, Пакистандын, Индиянын жана башка өлкөлөрдүн ортосунда жаңы авиалиниялар ачылды.

Өнөр жай товарлары менен соода жүргүзүүнү 40га жакын дүкөн, аның ичинде «Айчүрөк», «Гүлкайыр», «Ош», «Людмила», Руслан» универмагдары, бир нече ондогон дүкөндөр, анын ичинде «Универсам», «Асыл», «Кыргызстан», «Ширин» гастрономдору азык-түлүк товарлары менен соода жүргүзүүнү жүзөгө ашырышат. Мындан тышкары 20дан ашык китеп, комиссиондук жана жашылча дүкөндөрү, 10го жакын базарлар, мал базар бар, 7 ресторан жана 14 кафе, анын ичинде улуттук ресторан «Кымызкана», бир нече ондогон ашканалар иштейт. Алардын айрымдары, ошондой эле тиричилик жактан тейлөө пункттарынын бир бөлүгү жеке адамдардын менчигинде турат.

Шаарда 44 жалпы билим берүүчү мектеп, анын ичинде 2 мектеп—гимназия, лицей, 2 интернат бар. Жаш техниктердин бекети, окуучулардын үйү иштейт. Ош мамлекеттик университети, технологиялык коллеж, Кыргыз улуттук университетинин контракт-коммерция факультетинин филиалы жана мугалимдердин билимин өркүндөтүү институту бар. Ош-



Шаардагы чоң көпүрө.
Вид большого моста.


ным транспортом через Кыргызский тракт Ош—Бишкек, Памирский тракт Ош—Хорог и другими автомобильными дорогами. Междугородным автобусом связаны не только все города и районные центры Юга республики, но и граничащие города, районные и областные центры Узбекистана и Таджикистана. Построенный новый автовокзал пущен в эксплуатацию в августе 1994 г. старый же стал пригородным. Имеется 23 пригородный и 21 го-

МУ ғана өз кучагына 22 адистикти камтыган 13 багыт боюнча кадрларды даярдайт, мында 6,5 миң студент окуйт жана 600дөн ашуун окутуучу эмгектенет. 1993-жылы 899 адис даярдалып чыгарылган, ал эми 1994-жылы студенттерди кабыл алуунун планы 1075 адамды түзгөн. Мындан тышкары шаарда айыл чарба техникуму, педагогикалык жана медициналык окуу жайлары, курулуш жана автожол, соода техникумдары, бухгалтерлер мектеби, 5 кесиптик-техникалык окуу жайы бар. Алар шаар үчүн гана эмес, башкалар үчүн да адистерди даярдашат.


родской маршруты, с 1976 г. действует троллейбусная линия по маршруту городок текстильщиков-микрорайон «Юго-Восток».

Воздушный транспорт связывает город более чем с 20 городами стран СНГ, местные воздушные линии — с отдаленными райцентрами и некоторыми городами Ошской и Джалал-Абадской областей. Открыты новые авиалинии между Турцией, ОАЭ Пакистаном, Индией и др. странами.

Торговлю промышленными товарами осуществляют около 40 магазинов, в т.ч. универмаги «Айчурек», «Гүлкайыр», «Ош», «Людми-



Жаңы автовокзал.
Новый автовокзал.



Ош облустук мамлекеттик администрациясынын имараты.
Здание Ошской областной государственной администрации.

Шаарда 23 поликлиника, 1,5 адамга эсептелген 20 оорукана, анын ичинде облустук, облустук балдар жана эки филиалы менен борбордук шаардык ооруканалар, эки төрөт үйү, учук оорусуна каршы, психика-неврологиялык, врачтык-физкультуралык, онкологиялык жана башка диспансерлер иштейт. Шаардын ишканаларында ден соолук пунктгары жана медициналык-санитардык мекемелер бар, аларда 2,5 миңден ашуун медицина кызматкерлери иштешет.

ла», «Руслан», несколько десятков магазинов, В т. ч. гастрономы «Универсам», «Асыл», «Кыргызстан», «Ширин» — продовольственными товарами, имеются более 20 книжных, комиссионных и овощных магазинов, около 10 рынков, скотный базар, действуют 7 ресторанов и 14 кафе, в т. ч. национальных блюд «Кымызкана», несколько десятков столовых. Некоторые из них, а также часть пунктов бытового обслуживания находятся во владении частных лиц.

В городе имеется 44 общеобразовательных школ, в т. ч. 2 школы гимназии, лицей, 2 интерната. Действует станция юных техников, Дом школьников. Функционируют Ошский государственный университет, технологический колледж, филиал контрактно-коммерческого факультета Кыргызского национального университета и институт усовершенствования учителей. Только ОшГУ осуществляет подготовку кадров по 13 направлениям, включающих 22 специальности, где учится 6,5 тыс. студентов у более 600 преподавателей. В 1993 г. выпущено 899 специалистов, план приёма студентов на 1994 г. составил 1075 человек. Недавно открыто еще одно высшее учебное заведение в городе — кыргызско-узбекский высший технологический колледж с тремя факультетами. Имеется в городе совхоз-техникум, педагогическое и медицинское училища, строительный и автодорожный техникумы и техникум советской торговли, бухгалтерская школа и 5 профессионально-технических училищ, которые готовят специалистов не только для города.

Работают 23 поликлиники, 20 больниц на 1,5 тыс. коек, в т. ч. областная, областная детская и центральная городская больницы с двумя филиалами 3 родильных дома, противотуберкулезные психоневрологический, врачебно-физкультурный, онкологический и др. диспансеры, здравпункты на предприятиях и медико-санитарные учреждения Оша, в которых работает более 2,5 тыс. медицинских работников.

Ош—крупный культурный и научный центр Юга Кыргызстана. Здесь действуют 16 отделений и филиалов республиканских, зональных научных учреждений. В 1994 г. вновь открыто Южное отделение Кыргызской Националь-




«Асыл» универсамы. Универсам «Асыл».

Ош—Кыргызстандын түштүгүнүн ири маданий жана илимий борбору. Мында республикалык, зоналдык илимий мекемелердин 16 бөлүмү жана филиалы иштейт. 1994-жылы Кыргыз Улуттук Академиясынын Түштүк бөлүмү кайрадан ачылды. Анын курамында 6 илим-изилдөө институту бар. Мындан тышкары Кыргыз драма, өзбек музыкалык-драма жана балдар театры, филармония, «элдик» наамы бар 2 жамаат, бириккен тарыхий-маданий музей-корук, облустук китепкана, облустук илимий-медицина китепканасы, облустук базалык профсоюз китепканасы, 12 филиалы менен шаардык борбордук китепкана, цирк, эл чыгармачылыгынын жана өздүк-көркөм чыгармачылыгынын илимий-усулдук бор-



Оштун коон базарында. На Ошском базаре,



«Ак өргөө» дүкөнү.
Магазин-юрта «Ак оргоо».

бору, 3 маданият жана дем алуу паркы, 33 киноустановка, 6 клубдук мекеме, музыкалык окуу жайы, 2 балдар музыкалык, көркөм сүрөт мектеби, көркөм чыгармалардын дүкөн-көргөзмөсү, облустук жана шаардык өндүрүштүк көркөм-жасалгалык устаканалар

ной Академии в составе 6 научно-исследовательских институтов. Функционируют Кыргызский драматический, Узбекский музыкально-драматический и детский театры, филармония, 2 коллектива со званием «народный», объединенный историко-культурный музей-заповедник, областная библиотека, областная научно-медицинская библиотека, областная базовая профсоюзная библиотека, центральная городская библиотека с 12 филиалами, цирк, научно-методический центр народного творчества и художественной самодеятельности, 3 парка культуры и отдыха, 33 киноустановки, 6 клубных учреждений. музыкальное училище, 2 детских музыкальных, художественная школы, магазин-выставка художественных произведений, областные и городские производственные художественно-оформительских мастерских и другие культурно-просветительные учреждения.

Ошский радиотелевизионный передающий центр обеспечивает трансляцию на Ошскую и Джалал-Абадскую области телепрограмм Бишкекской, Ташкентской и Московской телестудий.


В городе действуют Дом физкультуры, 2 стадиона, 36 спортзалов, плавательные бассейны, 6 спортшкол, областные советы общества «Алга», «Динамо», «Колхозчу», «Спартак», «Трудовые резервы», областные отделения Союза писателей, художников, журналистов и архитекторов. В Оше выходят областные газеты на трех языках «Ош жаңырыгы», «Эхо Оша», «Уш садоси», также

жана башка маданий-агартуу мекемелери иштешет.

Оштогу радиотелевизиондук берүүчү борбор Бишкек, Ташкент жана Москва телестудияларынын телепрограммаларын Ош жана Жалал-Абад облустарына көрсөтүүнү камсыз кылат.

Шаарда физкультура үйү, 2 стадион, 36 спорт зал, сүзүү бассейни, 6 спорт мектеби, «Алга», «Динамо», «Колхозчу», «Спартак», «Эмгек резервдери» коомдорунун облустук кеңештери, жазуучулар Бирлигинин, сүрөтчүлөр, журналчылар жана архитекторлор Бирликтеринин облустук бөлүмдөрү иштейт. Ошто үч тилде «Ош жаңырыгы», «Эхо Оша», «Уш садоси» аттуу облустук гезиттер чыгат, ошондой эле «Ош шамы» аттуу шаардык басылма бар. Мындан тышкары облустук басмакана жана гезит басмасы иштейт.


Бүгүнкү Ош 240 миңден ашуун калкы бар, 83 улуттун өкүлдөрү жашаган шаар болуп саналат. Ошондой эле ири өнөр жай ишканалары, окуу жайлары, маданий чордондору жана мындан ары өнүгүүнүн перспективалары менен Кыргыз Республикасынын түштүгүнүн экономикалык, маданий жана административдик борбору болуп эсептелет.




Сулайман тоосундагы тарыхий-маданий музей.
Историко-культурный музей на Сулайман-горе.

городская «Вечерний Ош», работают областная типография и областное газетное издательство.

Сегодняшний Ош является городом с населением более 240 тысяч человек, состоящий из представителей 83 национальностей, это экономический, культурный и административный центр Юга Кыргызской Республики с крупными промышленными предприятиями, учебными заведениями, очагами культуры и с перспективами дальнейшего развития.




Ош мамлекеттик университети.
Ошский государственный университет.




Врачтар иш убагында.
Врачи во время работы.



Өнөрпоз кыз концертке катышууда.
Девушка на концерте.




Кыргыз драма театры.
Кыргызский драматический театр.




Облустук Т. Сатылганов атындагы китепкана.
Областная библиотека им. Т. Сатылганова.



Жаштар концерт беришүүдө.
Молодежь дает концерт.



Балдар селкинчек тебишүүдө.
Дети играют на качелях.




Бабыр атындагы өзбек театры.
Узбекский театр им. Бабура.

Текстин түзгөндөр: А. АБДУРАСУЛОВ.
А. ПРИМКУЛОВА.

Редактору А. Айтматов.
Сүрөт тарткандар: С. Пукасенко, А. Абдырахманов.
Тех. редактору М. Маматалиев.
Корректорлору: М. Султанова, Т. Сулайман.
Сүрөтчүсү А. Алайчиев.

Терүүгө 20.09.94 берилди Басууга 4.10.94 кол коюлду.
Форматы 70x100 1/16. 2 басма табак. Буюртма № 5252.
Нускасы 2000. Баасы эркин коюлат.

Ош облустук басмаканасы. Курманжан датка көчөсү, 209.




OSH